**Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинин «Тил илимин үйрөнүү» усулдук бирикмесинин 2022-2023 окуу жылынын I жарым жылдыгына карата аткарылган иштеринин анализи**

Тил илимин үйрөнүү усулдук бирикмесинде үч предмет бар. Алар кыргыз тил, орус тил жана англис тили. 2022-2023-окуу жылынын I жарым жылдыгына карата аткарылган иштери боюнча маалымат. I жарым жылда тил илимин үйрөнүү усулдук бирикменин иш планын мугалимдер менен талкуулоо жүргүзүлүп бекитилди. Андан тышкары ачык сабактардын графиги, мугалимдердин арасында иш бөлүштүрүү боюнча план түзүлүп бекитилген. Тил илимин үйрөнүү усулдук бирикмесинде 5 мугалим бар: кыргыз тил жана адабияты сабагынан Мааткеримова М, Көчөрбаева Т, орус тил жана орус адабият сабагынан Абдылдаева М, Табышова А, англис тили сабагынан Иманалиев К.Ар бир предметтер боюнча ачык сабак берилген жана график боюнча ар бир мугалим өтүп беришти. Кыргыз тил мугалимдери:
Мааткеримова Мээрим кыргыз тил сабагынан 11-октябрда 8- кл «Сөз айкашы жөнүндө түшүнүк. Сөз айкашынын түрлөрү», кыргыз адабиятынан 1- декабрда 7-кл Ч. Айтматов «Эрте келген турналар».
Көчөрбаева Тахмина кыргыз тил сабагынан 26- сентябрда 6- кл «Фразеологизмдер жөнүндө түшүнүк», кыргыз адабиятынан 7- декабрда 9-кл Жаңыл менен Түлкүнүн образдары.(К.Маликов, А. Куттубаевдин «Жаңыл Мырза» драмасы) деген темаларда ачык сабак өтүп беришти.
Орус тил мугалимдери:
Табышова Айнура орус тил сабагынан 14- декабрда 8- кл «Имена существительные как главные управляющие слова», орус адабиятынан 4 -октябрда 9- кл «А.С.Пушкин. Жизнь и творчество» деген темаларда ачык сабак өтүп берди.
Абдылдаева Мира орус тил сабагынан 28- октябрда 3- кл «Осенний день». Декабрь айында онлайн болгондуктан 21- декабрда 6- кл «Неправдой не проживешь. Не с существительными» деген ачык сабагын ZOOM аркылуу өттү.
Англис тили мугалими Иманалиев Канат 3- октябрда 5- кл «Present simple tense»15- декабрда 8- кл Prepositions: « in», «on», «at» деген темаларда ачык сабак өтүп берди.

Андан сырткары кыргыз тил мугалимдердин айлыгы сентябрь айы болгондуктан,айлыктын жүрүшүндө

- Ачык сабактар өтүлдү
- «Манасчылар» конкурсу жарыяланып окуучуларга манас айттырышты
- мугалимдерге мамлекеттик тилинин 33- жылдыгына карата жат жазуу жаздырышты
- 23- сентябрга карата «Кыргыз тилим –көөнөрбөс, өчпөс дилим» класстан тышкаркы иш чара өтүштү. Иш чаранын аягында бир айлыктын ичинде өткөрүлгөн иш чаралар боюнча баа берилип, жарыяланган конкурстардын алдыңкылары мектептин грамотасы жана кызыктыруучу белектер менен сыйланышты.

Орус тил мугалимдерине ноябрь айы орус тил декадасы деп жарыяланган.
Алар биринчи жумада ачык сабакты Табышова Айнура 6-кл «Наш дом.Имя существительное. Определение рода по окончанию в слове» деген темада ачык сабак өттү Экинчи жумада

- 6-11 класстар жат жазуу жазышты
- 7- кл «Лучший рассказчик»

Үчүнчү жумада

- 5-6-кл сценка «Русская народная сказка» (по выбору)
- 1-4-кл «Лучший рисунок»

Төртүнчү жумада

- «Русский язык-всемирный язык» аттуу иш чара өтүштү. Декаданын аягында жыйынтыктап, утушка ээ болгон окуучулар мектептин грамотасы жана баалуу сыйлыктар менен сыйланышты.

Кружок боюнча берген мугалимдер: кыргыз тил- Мааткеримова М, орус тил- Абдылдаева М, англис тил- Иманалиев К. Кружоктордун жетекчилери өз убагында өтүштү жана дубал газетасы өз убагында чыгарылды. Ошондой эле мугалимдерге бөлүнүп берилген иштер так аткарылып, окуучулардын дептерлерин предметтик мугалимдер текшерип жатышты.

Предметтик мугалимдер окуучуларды олимпиадага даярдашып, декабрь айында мектеп ичинде олимпиада өткөрүп, окуучулардын арасынан тандалып алынган окуучулар:
орус тил сабагынан 10-кл окуучусу Кучкачова Алия мугалими Абдылдаева М, 11-кл окуучусу Урматбеков Айбек мугалими Табышова А,
кыргыз тил сабагынан 10-кл окуучусу Тилек к Назик мугалими Мааткеримова М,
англис тил сабагынан 10- кл окуучусу Жантаева Лунара мугалими Иманалиев К. Төмөндөгү аталган окуучулар райондук олимпиадага бармай болушту.

Предметтик мугалимдер окуучулардан тест, текшерүү иши, жат жазуулар жана жарым жылдыкка мониторинг алынып ОББга өткөрүп беришти.

Тил илимин үйрөнүү усулдук бирикмесинин жетекчиси: Табышова А

**Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинин**

**Так илимдер усулдук бирикмесинин 2022-2023-окуу жылынын**

**I жарым жылдыгына карата акарылган иштеринин анализи.**

2022-2023-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында аткарылган иштери боюнча маалымат. Жаңы окуу жылынын башталышы менен так илимдер усулдук бирикмеснин иш пландары,ачык сабактардын графиктери түзүлүп бекитилди.Ачык сабактар өз убагында өтүлүп атты. Ар бир предметтик мугалим ачык сабактарды өз убагы менен жаңы маалыматтар технолгиясын пайдалануу жана интерактивдүү усулдарды колдонуу менен окуучуларга кызыктуу сабактарды өтүштү. Андан сырткары ПИЗА-2025 программасынын негизинде математика,информатика,технология, физика предметтеринин иш пландары түзүлүп,окуучулар менен тесттик иштер алынып келүүдө.

Алып айтсак : 5-класс математика предмети боюнча тесттердин жыйынтыгы менен билим

сапаты 56% информатика предмети 58% технология предмети 62 % түздү.

6-класс математика 63% , информатика предмети 68 % технология 67 % түздү.

7-класс математика 68% , информатика предмети 68 % түздү

8-класс алгебра 75% , информатика предмети 72 % түздү

9-класс алгебра 53% , информатика предмети 57 % түздү.

II жарым жылдыкка пландары түзүлүп бекитилди. I, II чейректин жыйынтыктары менен көрсөтүлгөн кемчиликтер боюнча иш алып барып жатышат.Начар окуган окуучулар менен иш алып баруу жагы айтылып,эскертилди. Ачык сабактардын графиктери коюлду жана илинди,өз убагында өтүлүүсү айтылды.Ошондой эле окуу кабинеттерди жасалгалоо,методикалык бурчтарды уюштуруу, көрсөтмө куралдарды толуктоо иштери өз убагында жүрүп жатат.ПИЗА-2025 программасынын негизинде онлайн тесттерди түзүү, алуу жана алынган тесттер боюнча мониторинг чыгаруу керек экендиги айтылып, азыркы учурда ал иш жүзүнө ашып жатат. Бүтүрүүчү класстарды ЖРТга математика предмети боюнча даярдоо үчүн атайын иш графиги түзүлүп ага жооптуу болуп математика мугалим Карасартова Анаркан эже даярдап жатат.

Так илимдер усулдук

бирикмесинин жетекчиси: Ибраева Алмагүл

**Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинин Табигый-тарыхый усулдук бирикмесинин 2022-2023-окуу жылынын I жарым жылдыгына анализ.**

Табигый-тарыхый усулдук бирикмесинин мүчөлөрү менен бирдикте жарым жылдык план түзүлүп бекитилген. I жарым жылдыкта төмөндөгүдөй ачык сабактар өтүлдү География сабагы боюнча эки сабак өтүлдү.Тема: «Африканын физикалык абалы боюнча» 14-октябрда өтүлдү . «Көлдөр суу сактагычтар» 8-класс боюнча 9-декабрда өтүлдү.Сабактар география предмети боюнча өтүлдү.Химия предмети 11-октябрда 8-класска тема: «Химиялык белгилердин элементтеринин аталыштары жана атомдук массалары» боюнча ачык сабак өтүлдү . «Күкүрт ташы мүнөздөмөлөрү» жөнүндүгү тема өтүлбөй калды.Анын себеби мугалимдин ооруп калгандыгына байланыштуу. Эскертүүлөр берилип кийинки сабакта өтүп берүүсү каралды. Биология предмети боюнча 30-ноябрь 2022-жыл Тема: «Мезгилдик кубулуштар,өсүмдүктөрдүн негизиндеги күзгү өзгөрүүлөр» деген темага ачык сабак өтүлдү.15-декабрь 2022-жыл «Курт кумурскалардын толук жана толук эмес өрчүшү» деген тема өтүлбөй калды.Өтүлбөй калуунун себеби: 15-декабрдан баштап окуучулар онлайн сабакка тарап кеткенине байланыштуу.Тарых предмети боюнча тема:Уйгур кагандыгы 6-класска ачык сабак өтүлдү.Адам жана коомдон «Менин үй-бүлөөм» деген темада 5-класска ачык сабак өтүлдү.Жалпы табигый-тарыхый усулдук бирикмеси боюнча I жарым жылдыкта 4ачык сабак өтүлбөй калды.Өтүлбөй калган ачык сабактардын себептери айтылып,эскертүүлөр берилди.Мектеп ичинде предметтик алимпиадалар өтүлдү.География,Биология сабагынан райондук алимпиадага Нурлан кызы Айдана 10-класс,Кеңешбеков Азамат 9-класстын окуучулары жолдомо алышты.

Табигый-тарыхый усулдук бирикменин жетекчиси Сеитова Динара

**Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинин Башталгыч класстарынын усулдук бирикмесинин 2022-2023-окуу жылынын I жарым жылдыгына карата акарылган иштеринин анализи.**

2022-2023-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында аткарылган иштери боюнча маалымат бере кетсек. I жарым жылда Башталгыч класстар усулдук бирикменин иш пландары,ачык сабактардын графиктери түзүлүп бекитилди.Ачык сабактар өз убагында аткарылып өтүлдү. Ар бир класстан I жарым жылдыкка төрт сабактан ачык сабактар коюлуп,класс жетекчилер өз убагы келгенде өтүп жатышты. Андан сырткары башталгыч класстардын ноябрь айына карата бир айлык декадасы боюнча маалымат бере кетсем .Бир айлык декадада усулдук бирикме жетекчисинин түзгөн планы менен иш алып барылды. Планда бир айдын ар бир жумасында ачык сабактар өтүлдү. Класс жетекчилер өздөрү каалаган сабагынан ачык сабактарды өтүп беришти. 2-класстын класс жетекчиси Асанова Бурул кыргыз тили сабагынан «Зат атооч» деген темада, Тобокелова Анара мекен таануу сабагынан « Ден соолук» темасында,Төлөбек кызы Фарида кыргыз тили сабагынан «Заттын сын сыпатын,көлөмүн билдирген сын атоочтор» жана 4-класстын класс жетекчиси Тилектеш кызы Динара Адабий окуу сабагынан « Аты узун бала» темасындагы сабактарын мыкты денгээлде өтүп беришти. Декаданын экинчи жумасында окуучуларга «Күзгү боек»деген темада сүрөт көргөзмөсү уюштурулду. Дагы окуучулар арасында шар окуу техникасы боюнча конкурс уюшулуп 2-3-4-класстын окуучулары активдүү катышышты. Акыркы жумасында «Акыл таймаш» конкурсу өткөрүлдү. Конкурс үч тур менен өтүлдү. Биринчи турда математикадан,экинчи тур макал лакаптар,үчүнчү тур логикалык суроолор менен өтүлдү. Окуучулар активдүү катышып беришти. Башталгыч класстар арасында өтүлгөн бир айлык декадасы ушуну менен жыйынтыкталды. Ошондой эле усулдук бирикменин өз ара иштери боюнча маалымат берсек:Ар бир мугалимге бөлүнгөн иштерин так,туура өз убагында аткарып жатышат. Окуучулардан тест, текшерүү иши,жат жазуу алынып,окуу техникасы жана дептер, күндөлүктөрү текшерилип жатты. Текшерүүнүн жыйынтыгында 4-класс билим сапатын математикадан78%берди 3-класс жат жазуудан 50% математикадан 50% билим сапатын беришти. Начар баа алган окуучулар менен ката үстүндө иштөөгө көрсөтмөлөр берилди. Ал эми II жарым жылдыктын пландары түзүлүп бекитилди. I, II чейректин жыйынтыктары менен көрсөтүлгөн кемчиликтер боюнча иш алып барып жатышат.Начар окуган окуучулар менен иш алып баруу жагы айтылып,эскертилди. Ачык сабактардын графиктери коюлду жана илинди,өз убагында өтүлүүсү айтылды.Ошондой эле окуу кабинеттерди жасалгалоо,методикалык бурчтарды уюштуруу, көрсөтмө куралдарды толуктоо иштери өз убагында жүрүп жатат. Жетишкен жана начар окуган окуучулар менен ар бир мугалим жекече иш алып барып жатышат.

усулдук бирикменин жетекчиси Төлөбек кызы Фарида